**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

«Жаран Анварбек Шамыралиевич Тулемышевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 16-июнундагы № 40о аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө жаран Анварбек Шамыралиевич Тулемышевдин даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

# ТОКТОМУ

2014-жылдын 7-октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын төмөнкү курамы: төрагалык кылуучу - судья М.Ш. Касымалиев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Э.Т. Мамыров, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, К.С. Сооронкулова, соттук отурумдун катчысы Н.А. Илиязованын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, «Жаран Анварбек Шамыралиевич Тулемышевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 16-июнундагы № 40а аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө жаран Анварбек Шамыралиевич Тулемышевдин даттануусун даттануусун карап чыкты.

Даттануу боюнча соттук отурумду даярдаган судья Ч.А. Айдарбекованын билдирүүсүн угуп, келтирилген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТАПТЫ:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2014-жылдын 29-мартындагы № 05-043/14 ЖИ токтомун конституциялуу эмес деп таануу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2014-жылдын 10-июнунда жаран А.Ш. Тулемышевдин өтүнүчү келип түшкөн.

Келтирилген материалдардан көрүнүп тургандай, Кемин райондук борборунун мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунун башкы врачынын 2011-жылдын 31-октябрындагы № 38 буйругу менен ал врач-паразитолог кызмат ордунан Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 83-беренесинин негизинде кетирилген. Өз кезегинде, А.Ш. Тулемышев кызмат ордуна кайра калыбына келтирүү жана ишке аргасыз чыкпаган убактысы үчүн эмгек акысын суратып алуу жөнүндө доо арыз менен сотко кайрылган. А.Ш. Тулемышевдин талаптары бардык соттук инстанцияларында каралган жана ал доо талаптарын канааттандыруудан баш тартылган.

Андан ары, А.Ш. Тулемышев жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арыз менен сотко кайрылган, бардык соттук инстанциялар дагы жаңы ачылган жагдайлар боюнча кароодон баш тартышкан.

Натыйжада арызданууучунун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2014-жылдын 19-мартындагы талашылып жаткан токтому менен Кемин райондук сотунун 2013-жылдын 20-июнундагы жана Чүй областтык сотунун 2013-жылдын 17-сентябрындагы соттук актыларына жаран А.Ш. Тулемышевдин көзөмөл даттануусу канааттандыруусуз калтырылган.

Арызданууучу өзүнүн кайрылуусунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 19-мартында чыгарган токтомунун укук ченемдүүлүгүнө юридикалык баа берүүнү жана анын адамдын укуктары менен эркиндиктерин соттук коргоо кепилдигин караган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарына туура келбегендигине байланыштуу аны конституциялуу эмес деп таанууну суранууда.

Дж.М. Макешов, Ч.А. Айдарбекова, М.Ш. Касымалиев курамындагы Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы жаран

А.Ш. Тулемышевдин өтүнүчү боюнча материалдарды излдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде өтүнүчтү текшерген судья Дж.М. Макешовдун маалыматын угуп, 2014-жылдын 16-июнунда кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманы кийинкидей негиздер боюнча кабыл алган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 18-беренесине ылайык Конституциялык палата мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп табат, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган күчүнө кирбеген эл аралык келишимдердин конституциялуулугу тууралуу корутунду берет, ушул Конституцияга өзгөртүүлөр тууралуу мыйзамдын долбооруна корутунду берет. Ошентип Конституция Конституциялык палатага караштуу маселелердин толук тизмесин орноткон, алардын ичинде жалпы юрисдикциянын соттук актыларына юридикалык баа берүү жана аларды конституциялык эмес деп таануу жагы жок.

Сот актылары, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтомдору Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын тизмегине кирбейт, анткени коомдук мамилелердин жекелик түрдө жөнгө салууга максатталган укук колдонуучу актылар болуп саналат жана укуктук ченемдерди жүзөгө ашырууга багытталган. Демек, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтомдору Конституциялык палатанын кароо предмети боло албайт.

Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 96-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жарандык, жазык, экономикалык, административдик жана башка иштер боюнча жогорку соттук орган болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун актылары, анын ичинде конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында да акыркы жана даттанууга жатпайт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 4-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, жаран А.Ш. Тулемышевдин өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алышкан.

Жаран А.Ш. Тулемышев судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 16-июнундагы № 40а аныктамасы менен макул болбостон, 2014-жылдын 8-сентябрында Конституциялык палатага даттануу менен кайрылган.

А.Ш. Тулемышев өзүнүн даттануусунда Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 16-июнундагы № 40а аныктамасы Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет жана жокко чыгарылууга тийиш деп көрсөтүүдө. Арыздануучу Конституцияда соттук коргоо эч кандай чектелүү мүмкүн эмес деген жобону камтыган Конституциянын 20-беренесинин 8-бөлүгүнүн мазмунунан келип чыксак, ага эмгек эркиндигине укукту жүзөгө ашырууда милдеттүү көмөктөшүү көрсөтүлүшү керек болуучу деп эсептейт. Андан тышкары, арыздануучунун пикири боюнча Конституциянын 97-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык Конституция тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер алар тарабынан бузулуп жатат деп эсептелсе ар бир адам мыйзамдын жана башка ченемдик укук актыларынын конституциялуулугун талашууга укуктуу.

Конституциялык палата арыздануучунун даттануусун жана Конституциялык палдатанын судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу боюнча негиздерин изилдеп чыгып, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна ылайык Конституцияда белгиленген соттук коргоо укугу эч кандай чектелүүгө мүмкүн эмес. Соттук коргонууга укукту жүзөгө ашыруу мыйзамда бузулган укуктарды калыбына келтирүү максатында адамдын сотко кайрылуу жана адилеттүү соттук териштирүү мүмкүндүгүн болжойт.

Соттук коргоо соттук актыны кароонун жыйынтыгы боюнча жазык, жарандык жана башка сот өндүрүшү тартибинде жүзөгө ашырылат.

Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык ченемдик укуктук актылардын гана конституциялуугун текшерүүнү жүзөгө ашырат. Соттук акт өзүнүн укуктук табияты боюнча аны ченемдик укуктук акты катары мүнөздөгөн белгилерге жооп бербегенин, анткени ал адамдардын чектелбеген чөйрөсү үчүн жүрүүнүн милдеттүү жана бир жолку эмес колдонууга эсептелген эрежелерин камтыбаганын эске алып, Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын «Жаран А.Ш. Тулемышевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2014-жылдын 16-июнундагы № 40а аныктамасындагы тыянктар негиздүү болуп саналат, ушуга байланыштуу Конституциялык палата аны жокко чыгаруу үчүн негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 47-беренесин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Конституциялык палата

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жаран Анварбек Шамыралиевич Тулемышевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жаран А.Ш. Тулемышевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2014-жылдын 16-июнундагы № 40а аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.
2. Конституциялык палатанын ушул токтому акыркы жана даттанууга жатпайт.
3. Ушул токтом кол коюлгандан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**